| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенешинин II-чакырылышынын I-кезексиз сессиясынын**

**Токтому №2/3**

2024-жылдын 3-декабры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылында жайгашкан ҮДТнын эски имаратынан аптекага бөлмө берүү жөнүндө.**

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылында жайгашкан ҮДТнын эски имаратынан кенен бөлмө сурап кайрылган "Айболит" аптекасынын фармацевти Мирланбек кызы Камиланын кайрылуусун угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айылдык кенеши,**токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кызарт айылындагы ҮДТнын эски имаратынын батыш тарабынын күнгөй бет жагында жайгашкан, бош турган 30,4 кв.м бөлмөсү "Айболит"аптекасынын пайдалануусу үчүн ижара келишиминин негизинде берилсин;

2. "Айболит" аптекасы менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп эки тараптуу келишимди жаныртып түзүү жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго тапшырылсын;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин;

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**